Тамчы мектеп-гимназиясы

2015-2016-окуу жылына Тамчы-мектеп

гимназиясынын

соц.педагогунун 1-жарым жылдыкка

түзүлгөн отчёту

Ноябрь айы

Соц.педагог: Мамбетказиева Т.А.

Ноябрь айында түзүлгөн планга ылайык иш-чаралар өткөрүлдү.1-чейректин жыйынтыгы боюнча ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, ата-эне жана мектеп ортосунда мамиле чыңдалды. Чогулушка 150 ата-эне катышып, балдары тууралуу кенен маалымат ала алышты.

Ноябрь айында көйгөйлүү болгон 7-“а” классынын окуучуларына тынбай, үзгүлтүксүз рейддер жүрүп турулду. Көп балалуу  үй-бүлөлөргө – 3 рейд , кооптуу үй-бүлө болгон Кош-Көл айылынын тургундары – Тилебалдиев Ынтымак 8-“а” классынын окуучусу жана Тилебалдиева Жазгүлдүкүнө тынымсыз рейддер жүргүзүлдү. Атасы – Юсупов М жалгыз балдарды көзөмөлдөгөндүктөн (аялы Турцияга иштегени кеткен), ошондой эле алкаголь ичкилигин тынымсыз ичкендиктен, балдары каралбай калган. ошондой эле 7-"а” классынын окуучусу Нурлан кызы Айсалкын апасы турмушка чыгып кеткендигине, чоң апасы ичкилик ичкендиктен бала каралбай калган. Үйлөрүнө тынымсыз рейддер жүргүзүлүп, ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Ошондой эле окуучулар арасында анкеталоо жүргүзүлүп, окуучулардын көйгөйлөрү аныкталды.

Тамчы мектеп-гимназиясы

2015-2016-окуу жылына Тамчы-мектеп

гимназиясынын

соц.педагогунун 1-жарым жылдыкка

түзүлгөн отчёту

Декабрь айы

Соц.педагог: Мамбетказиева Т.А.

Декабрь айында ата-энелер ,окуучулар ,ИДН кызматкери жана дин кызматкерлери менен бирдикте эки жолугушуу өткөрүлдү. Жолугушууда диндин агымдары , окуучуларга көптөгөн маалыматтар берилди. Ошону менен бирге окуучулардын динге көз карашы аныкталып, талкууланды. Мечитке барган окуучулардын саны такталып, анкета алынды.

Айдын башында Кош-Көл айылына ИДН кызматкери Таалайбекова Р.Т менен рейд өткөрүлүп, мектеп ичинде учётто турган , көп балалуу , кооптуу үй-бүлөлөр кыдырылды. Рейддин жыйынтыгы боюнча эки үй-бүлө – Тилебалдиевдики жана Нурлан к Айсалкындыкы – ИДНдин учётуна кооптуу үй-бүлө катары алынды. Ошондой эле 7-“а” классынын окуучусу Рыскелди кызы Нурдананыкына ата-энеси ажырашып, апасы төрт баланы атасына таштап кеткендигине байланыштуу бир нече ирет рейддер өткөрүлүп, көйгөйлөрү аныкталып, атасы менен балдардын психологиялык абалы жөнүндө сүйлөшүлдү.

Жылдын жыйынтыгы менен окуу жылдын башынан 32 рейд өткөрүлдү, мектеп учётунда турган окуучулардыкына – 13 рейд өткорүлдү.

Ата-энелердин 4 чогулушу өткөрүлдү. Окуучулардын жагдайы аныкталып, 2 үй-бүлө ИДН учётуна коюлду.